“Бекитилген”

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттарынын Үчүнчү Кезектеги Съездинин чечими тарабынан
27-январь 2024-жыл

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Текшерерүү комиссиясы жөнүндө жобо**

Бул Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Текшерерүү комиссиясы жөнүндө жобо ( мындан ары – Жобо, Текшерүү комиссиясы жана Адвокатура) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына (мындан ары – Адвокатура жөнүндө мыйзам), Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын уставына (мындан ары – Устав) негизделген. Жобо Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын съезди (мындан ары – Съезд) тарабынан бекитилет.

## I. Текшерүү комиссиясы жана аны түзүүнүн тартиби

1. Текшерүү комиссиясы Адвокатуранын финансы-чарбалык ишине көзөмөлдүк жүргүзөт жана Адвокаттардын съездине отчет берет.

2. Текшерүү комиссиясы 5 кишиден туруп, Адвокатуранын мүчөлөрүнүн ичинен үч жылга жашыруун добуш менен Съезд тарабынан шайланат. Адвокаттар кеңешинин төрагасы менен мүчөлөрү, этика комиссиясынын мүчөлөрү жана аймактык адвокатуранын төрагалары текшерүү комиссиясынын курамына кирүүгө укуктуу эмес. Текшерүү комиссиясынын отуруму, эгерде ага комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса, укутуу деп эсептелет

3. Текшерүү комиссиясынын мүчөсү болгон адвокаттар текшерүү комиссиясын ишин адвокаттык иш менен айкалыштыра алышат.

4. Текшерүү комиссиясы өз курамынын ичинен комиссия мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү менен төраганы жана анын орун басарын шайлашат.

5. Текшерүү комиссиясынын төрагасы Текшерүү комиссиясынын атынан иш жүргүзөт жана бардык документтерге кол коёт.

6. Текшерүү комиссиясынын төрагасы Текшерүү комиссиясынын курамынын ичинен орун басардын кандидатурасын Текшерүү комиссиясына шайлоо үчүн сунуштайт, анын кандидатурасы Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн жалпы санынан көпчүлүк добуштун колдоосуна алынууга тийиш.

## II. Текшерүү комиссиясынын ыйгарым укуктары жана милдеттери

**7.** Текшерүү комиссиясы өз функцияларын тиешелүү аткаруу максатында төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) Текшерүү комиссиясынын функциялары менен ыйгарым укуктарына ылайык иликтөө иши үчүн зарыл материалдарды, бардык талап кылынган документтерди Адвокаттар кеңешинен, Адвокатура аппаратынын кызмат адамдары менен кызматкерлеринен, аймактык адвокатуралардан алууга. Көрсөтүлгөн документтер менен маалыматтар тиешелүү суроо-талап алынгандан кийин беш күндүн ичинде Текшерүү комиссиясына берилүүгө тийиш;

2) бухгалтерлерди, аудиторлорду жана башка адистерди тартууга.

8. Текшерүү комиссиясы милдеттүү:

1) Адвокатуранын жана анын органдарынын финансы-чарбалык ишине жылына бир жолудан кем эмес текшерүү жүргүзүүгө жана анын натыйжаларын расмий сайтта жарыялоого;

2) өткөрүлгөн текшерүүлөрдүн натыйжаларын баяндама каттар же билдирүүлөр түрүндө Съездге, Адвокаттар кеңешине өз убагында маалымдоого;

3) Съездге чейин он күндөн кечиктирбей өткөн жыл үчүн Адвокатуранын финансы-чарбалык ишинин жыйынтыктары боюнча отчет берүүгө, анда Адвокатуранын отчетторунда жана башка финансылык дакументтеринде камтылган маалыматтардын аныктыгынын тастыктыгы, ошондой эле бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн мыйзамдарда белгиленген тартибин бузуулардын фактылары жөнүндө маалымат камтылууга тийиш.

Адвокаттардын кезексиз Съезди чакырылган учурда Текшерүү комиссиясы Адвокатуранын финансы-чарбалык ишин текшерүүгө жана тиешелүү отчет даярдоого тийиш.

9. Текшерүү комиссиясы жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

1) Адвокаттар кеңешинин, Адвокатура аппаратынын, аймактык адвокатуралардын башкармалыктарынын, Адвокаттардын окуу борборунун ишинин өзгөчөлүгүн эске алып ишин өз алдынча пландаштырат жана жана бул пландарды ишке ашырат, өз ишинин натыйжаларын эске алат, аларды талдайт, Адвокаттар кеңешин текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча бүтүм чыгарып, сунуш даярдайт жана жасалган иштер жөнүндө Съездге отчет берет.

2) текшерүү үчүн жетекчиликке алынуучу документтерди жана методиканы иштеп чыгат;

3) Адвокатуранын финансы-чарбалык ишинин пландаштырылышына жана бул пландардын аткарылышына, Адвокатуранын акча каражаттарынын жана мүлкүнүн

максаттуу пайдаланылышына, бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун туура жүргүзүлүшүнө, Адвокатуранын насыялык карызынын абалына, документтерди жана документ жүгүртүүнү уюштуруунун, түзүүнүн жана архивдештирүүнүн тууралыгына, Адвокатуранын финансы-чарбалык ишине тиешелүү башка маселелерге көзөмөлдүк жүргүзөт.

10. Текшерүү комиссиясы Адвокатуранын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин, түзүмүн, фукцияларын өркүндөтүү, ошондой эле Адвокатуранын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча Съездге жана Адвокатуранын жетекчилигине сунуш даярдайт.

11. Текшерүү комиссиясы табылган кемчиликтерди өз убагында жана толук жоюуга, Адвокатурага келтирилген материалдык зыяндын ордун толтурууга көзөмөлдүк жүргүзөт, ошондой эле алардын келип чыгышына шарт түзгөн себептерди жоюуда Адвокаттар кеңешине жардам берет.

12. Өз ишинин эсебин жана отчеттуулугун жүргүзөт.

## III. Текшерүү комиссиясынын төрагасынын ыйгарым укуктары жана милдеттери

13. Текшерүү комиссиясынын төрагасы:

1) Текшерүү комиссиясына жүктөлгөн милдеттер менен функцияларга жетекчилик кылат жана аткарылышына жеке жоопкерчилик тартат;

2) Текшерүү комиссиясынын ишин уюштурат, ошондой эле Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ортосундагы милдеттерди бөлүштүрөт;

3) Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү менен биргеликте комиссиянын ишин пландаштырат;

4) Текшерүү комиссиясынын иш планы жөнүндө Адвокаттар кеңешине эртерээк маалымдайт, ошондой эле Адвокатуранын башка түзүмдүк түзүмдөрү менен Текшерүү комиссиясынын өз ара иштешүүсүн камсыз кылат;

5) атайын программа боюнча текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн окутуу, ошондой эле иштин кезектеги мезгилине текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн резервин даярдоо үчүн шарттарды түзөт;

6) Текшерүү комиссиясынын иш пландарынын аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзөт жана жеке жоопкерчилик тартат;

7) иш кагаздарын уюштурат жана документтердин сакталышын камсыздайт;

8) жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча жазма эскертүү жана сунуштар берет.

## IV. Ревизиялык текшерүүлөр

14. Ревизиялык текшерүүлөрдүн актылары бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада түзүлөт:бирөөсү текшерилүүчү субъектке, бирөөсү Адвокаттар кеңешине жана бирөөсү Текшерүү комиссиясына берилет.

15. Административдик-финансылык ишти текшерүү Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү же тешерүү тобу (Текшерүү комиссиясынын эки же андан көп мүчөлөрү) тарабынан жүргүзүлөт.

16. Текшерүү Текшерүү комиссиясынын чечими менен бекитилген Текшерүү планына ылайык ишке ашат.

17. Текшерүүчүдө Адвокаттар кеңешинин төрагасынын кол тамгасы коюлган багыттама болууга тийиш. Багыттама Текшерүү комиссиясынын төрагасынын катынын негизинде берилет жана Адвокаттар кеңешинин документтеринде катталууга тийиш.

18. Бир жыл үчүн Адвокатуранын ишинин жыйынтыктары боюнча Текшерүү комиссиясынын бүтүмүнүн долбоору, ошондой эле Съездге карата Текшерүү комиссиясынын отчетунун долбоору Текшерүү комиссиясынын отурумунда катышуучулардын көпчүлүгү менен бекитилет. Добуштар бирдей болуп калган учурда Текшерүү комиссиясынын төрагасы кимге добуш берсе чечим кабыл алынды деп эсептелет.

19. Документтин долбооруна макул болбогон Текшерүү комиссиясынын мүчөсү кат жүзүндө өз оюн билдирүүгө укуктуу, ал бүтүмгө жеболбосо отчетко тиркелет.

20. Текшерүү комиссиясынын төрагасы, төраганын орун басары жана мүчөлөрү колдонуудагы мыйзамдардын, Уставдын, Адвокаттардын кесиптик этика кодексинин жана ушул Жобонун талаптарын жетекчиликке алууга жана сактоого тийиш.

21. Текшерүү комиссиясынын төрагасы жана мүчөлөрү Адвокатурага зыян келтирип, өз милдеттерин тиешелүү аткарбаган учурда колдонуудагы мыйзамдарда жана Адвокатуранын ички (локалдуу) документтеринде белгиленген тпртипте тартиптик, админстрациялык, жарандык-укуктук жана башка жоопкерчилик тартышат.

## V. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн сыйлоо жана каржылоо

22. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн сыйлоонун өлчөмүн Съезд аныктайт.

23. Текшерүү комиссиясынын ишин каржылоо жана камсыздоо Адвокатуранын кирешелери менен чыгашаларынын бекитилген сметасы боюнча Адвокаттар кеңеши тарабынан ишке ашырылат. Текшерүү комиссиясынын чыгашалар бөлүгүндө сметаларды түзүүдө Текшерүү комиссиясынын сунушу эске алынат.

## VI. Текшерүү комиссиясынын отуруму

24. Текшерүү комиссиясынын отуруму Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн жалпы санынан көпчүлүгү катышкан учурда мыйзамду укукка ээ деп эсептелет.

25. Текшерүү комиссиясынын чечими комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынан көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана Адвокатуранын расмий сайтында кабыл алынган күндөн тартып 7 күндөн кечиктирилбей жарыяланат.

**VII. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу**

26. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары Текшерүү комиссиясынын жаңы курамын шайлаганга чейин сакталат.

27. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары Адвокатура жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык Съезд тарабынан төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

1) эгерде адвокаттын ишмердиги анын мамлекеттик же муниципалдык кызматта иштеп турган мезгилинде токтотулса, аны мамлекеттик бийликтин шайлоо органына шайлаганда, ал мөөнөттүү анык аскердик кызматта кызмат өтөгөндө, ошондой эле мыйзамдарда каралган башка учурларда;

2) Текшерүү комиссиясында мүчөлүгүн токтотуу жөнүндө кат жүзүндө жазган жеке арызы боюнча арыз жазган күндөн кийинки күндөн тартып;

3) өлгөн учурда же аны өлдү, дайынсыз жоголду деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

4) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан учурда;

5) Адвокатурадан чыгарылганда.

28. Текшерүү комиссиясынын мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда анын ордун Адвокаттар съездинде бекитилген тизмеде турган кийинки кезектеги талапкер ээлейт.

Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн резервдик тизмеси Текшерүү комиссиясынын шайланган мезгилине түзүлөт.

**VIII. Корутунду жоболор**

29. Бул Жобо Съезд бекиткен күндөн тартып күчүнө кирет.

30. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү Адвокаттар кеңешинин, Текшерүү комиссиясынын же Адвокатуранын беш пайыздан кем эмес мүчөлөрүнүн сунушу боюнча Съездде да бекитилет.

31. Ушул Жобонун ченемдери Адвокатура жөнүндө мыйзамдын, Этика боюнча комиссия жөнүндө уставдын жана жобонун ченемдерине ылайык келбеген учурда Адвокатура жөнүндө мыйзамдын, Этика боюнча комиссия жөнүндө уставдын жана жобонун ченемдери иштейт. Адвокаттар кеңеши, Текшерүү комиссиясы колдонуудагы карама-каршылыктарды жоюуга жана ушул Жобону көрсөтүлгөн ченемдерге жана ички (локалдык) актыларга ылайык келтирүүгө карата чаралар көрүшсүн.

**Адвокаттар кеңешинин төрайымы** **Бегилерова М.А.**